**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУ**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**XII – сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 2-сентябры **№70** Түп айылы

**Түп айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тиртиби жөнүндө Жобону бекитүү**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2.1.-пунктунун негизинде, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын XII – сессиясы **токтом кылат:**

6. Түп айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобо бекитилсин.

7. Түп айылдык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо, регламент, депутаттык адеп, депутаттык ишмердүүлүк жана депутаттык мандат, жергиликтүү өзүн өзү башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына аталган Жобо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

8. Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**

**БЕКИТИЛДИ:**
**Түп айылдык кеңешинин**
**02.09.2025. №70-токтому**

## Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө ЖОБО

### I. Жалпы түшүндүрмө

1.1 Бул Жобо Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наам ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн -өзү башкаруу органдары – айыл өкмөтү, айылдык кеңеш, республикалык коомдук саясий уюмдар жана ь боблустук, райондук мамлекеттик администрациялар, Түп айыл аймагында жайгашкан мекеме, ишканалардын эмгек жамааты, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.3 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуштар Түп айыл өкмөтү тарабынан кабыл алынып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгып, тиешелүү документтерин топтоп, өзүнүн сунушу менен Түп айылдык кеңешине жөнөтөт.

1.4 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына талапкерлердин документтери Түп айылдык кеңешинин сессиясында депутаттардын кароосуна койулуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон талапкерлер колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат;

1.5 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы бир жылда 2 адамга гана ыйгарылат.

### II. Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:

2.1 Түп айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, шаардын ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга;

2.2 Түп айыл аймагынын өсүп өнүгүшү үчүн, элдин жашоо-шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына;

2.3 Түп айыл аймагына инвестицияларды алып келип, чоң курулуштарды курган бизнес адамдарына жана чет элдик адамдарга ыйгарылат.

## III. Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби

3.1 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" төш белгиси жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.2 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө, Түп айылдык кеңешинин чечими чыккандан кийин тапшырылат.

3.3 Түп айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо:

- талапкер боюнча ошол көчөдө жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйындын протоколунун чечими;
- чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;
- коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кеңири маалыматты камтуу менен;
- өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;
- мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б);

Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер мекеме, ишканалар тарабынан сунушталган болсо:

- эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун токтому;
- өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш;
- "Ардактуу атуул" наамы берилүүчү адамдын шаарга, анын эл чарбасына сиңирген эмгектери, алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;
- өздүк баракчасы сүрөтү менен;
- эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- паспортунун көчүрмөсү;

талап кылынат.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**